**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10. 13. 012 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 809.43: 894. 35 (575.2) (043.3) 398:398.221(043.3)*

**ШЕНГҮН АСИЛ МУЗАФФЕР**

# Кыргыз жана түрк адабияттарындагы каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы

**10. 01. 01 -** кыргыз адабияты
**10.01.09 -** фольклористика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

Бишкек – 2016

Диссертациялык иш Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Филология факультетинин Кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору, профессор **Мусаев Абдылда Инаятович**

Расмий оппоненттер: филология илимдеринин доктору, профессор **Байгазизев Советбек Орозканович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Нарынбаева Нуржан Осмоновна**

**Жетектөөчү мекеме**: И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун **Кыргыз адабияты кафедрасы**

Дареги: 720026 Бишкек шаары, Т.Саманчин,10

Диссертациялык иш 2016-жылдын 29-марты күнү саат 13.00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу түзүлгөн Д.10.13.012 Диисертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071 Бишкек шаары, Манас,101

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышып чыгууга болот

Автореферат 2016-жылдын 29-февралында таратылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**филология илимдеринин кандидаты Н.Ыйсаева**

pdfelement

## Диссертациянын жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз жана түрк адабиятындагы каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясын салыштыруу, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын билүү, андай өзгөчөлүктөр менен жалпылыктардын болуш себептерин караштыруу проблемасы кыргыз жана түрк адабият таануу илиминде ушул мезгилге өз алдынча кеңири планда изилдене элек. Ырас, кээ бир проблемалардын алкагында бул маселе тууралуу кыйыр кайрылып кеткен эмгектер учурайт.

Кыргыз калк адабиятынын жалпы алкагында XX кылымдын 20-жылдарындан К.Мифтаковдон баштап кыргыз элдик оозеки адабиятында салт ырларынын маанилүү орду бар экенин аныктап, классификациялоону баштагандан бери кыргыз фольклористикасында бул тема ар кыл багытта изилденип келе жатканы талашсыз. Маселеге З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөңов, К.Рахматуллин, М.Богданова, С.Мусаев, Ж.Таштемиров, Б.Кебекова, А.Акматалиев, Т.Танаев ж. б. кыргыз окумуштуулары каада-салт ырларын элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры катары карашып, түрлөргө жана жанрларга бөлүштүрүп изилдешкен. Кыргыз окумуштуулары проблемага ар түрдүү багыттан кайрылып, алар көтөргөн проблемаларга, алдына койгон темаларына байланыштуу каада-салт ырлары зарылдыгына жараша кепке алып, кээ биринде учкай сөзгө ээ болсо, айрымдарында кеңири изилденген.

Түрк адабият таануу илиминде улуттук калк ырларын изилдеп-талдоо иши ушундай эле XX кылымдын 20-жылдарынын баш чендеринен башталган. Түрк адабиятчыларынын бул темага кайрылууларына мажарлар менен немистердин таасири чоң болгон. Анткени аталган элдерде калк арасындагы фольклордук чыгармаларды жыйноо жана жарыялоо иштерине ошол мезгилде өтө маани берилгени түрк элин да катуу таасирленткен. Мунун натыйжасында 1908-жылы түрк элинин арасында патриоттук сезимдери ойгонгон жарандар эл аралап, ар түркүн лирикалык жана эпикалык чыгармаларды чогултуу иштерин уюштурушат. Алардын мындай аракети кийинчерээк Түрк мамлекетинин колдоосуна ээ болуп, 1920-жылы Ататүрктүн көрсөтмөсү менен Илим министрлигинин ичинде калк билимин жөнгө салуучу бөлүм уюштурулуп, анын иш чараларынын негизинде мугалимдер аркылуу калк арасындагы фольклордук чыгармаларды жыйноо иши аткарыла баштаган. 1924-жылы Стамбул университетинде түзүлгөн "Түркология" институтунда М.Ф.Көпрүлү жетектеген бөлүм бул ишти андан ары улантат. 1927-жылы "Калк билими" аттуу коомдун түзүлүшү менен улуттук каада-салт ырлары фольклордук чыгармалардын башка түрлөрүнөн айырмаланып, өз алдынча жарыялана баштаган. Арийне, байыркы тарыхый өтмүшү бирге болгондуктан тектеш маданиятта кыргыздын каада-салт ырлары башка түрк тилдүү элдерде дагы жалпылыктар болууга тийиш, бирок бул маселе атайын изилдөөгө алынбай келет. Ишибизде кыргыз жана Түркия түрк каада-салт ырларын салыштырып талдоо – анын ***актуалдуулугун*** түзөт.

Кыргыз адабияты советтик адабияттын бир бөлүгү катары жашап, түрк адабияты менен байланышы болгон эмес. Кыргыз адабият илиминдеги бардык проблеманы социалисттик идеологиянын өңүтүнөн талдоого талап күчтүү болгондуктан, коммунисттик түзүлүшкө кирбеген тектеш улуттарды жакындаштыруу, алардын адабиятындагы окшоштуктарды көрсөтүү, ал аркылуу тарыхый байланыштарын аныктоо маселесин козгоого мүмкүндүк болгон эмес, демек калк арасындагы каада-салт ырларынын коомдук-социалдык турмуш менен карым-катышы, маани-мазмуну иликтенбей келген. Кыргыз адабият таануусундагы көз караш марксисттик-лениндик саясатка негизделип, анын методологиясына таянып изилдөө иштерин жүргүзсө, түрк

адабият таануу илими Батыштын илимий көз карашын жетекчиликке алгандыктан, фактыга мамиле кылууда айырмаланып турушкан. Ушундай жагдайлардан улам эки элдин изилдөө максаттары бири-бири менен шайкеш келген эмес. Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуп эгемендүүлүк алып, түрк боордоштор менен алака-катнаш түзүлгөндөн кийин бул проблемага кайрылууга жол ачылды.

Башка маданияттарга таандык илимий изилдөөлөрдүн кыргыз жана түрк окумуштуулары тарабынан мисалга тартылышы проблеманын чечилишин гана жөнгө салбастан, ар кандай мазмундагы теориялык толуктоолорго ээ болушуна шарт түзүп келген. Бирок бул маселеге карата окумуштуулар арасында бирдей көз караштын калыптанбагандыгын эске алсак, анда изилдөөгө алына турган проблема актуалдуу болууга тийиш. XXI кылымдын баш чендеринде кыргыз адабиятчысы Б.Кебекова: “кыргыз фольклорун, анын ичинде лирикалык ырларды жанрдык жагынан классификациялоо али алдыда, зор түйшүктү талап кыла турган татаал процесс экендиги айдан ачык” [Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. – Б.: Шам, 2001, 9-б.] деген болсо, түрк адабиятчысы Б.С.Өзсөй түрк калк ырларын классификациялоо толук аяктап бүтө электигин өзүнүн “Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки түрк ырлары” аттуу китебинде белгилейт [Өзсөй Б.С. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки түрк ырлары. –Анкара, 2011, 102-б.]. Демек, кыргыз жана түрк улуттук фольклорунда каада-салт ырлары анын башка жанрлары менен бирдикте кайрадан толукталып классификацияланыш керектиги жогорку ойлордон көрүнүп турса, ал азыр салыштырып изилдөөдө да маанисин жогото элек.

Эгемен доорго чейин совет адабиятчылары бул маселеге ар кыл жагдайда кайрылышып, улуттук адабияттагы каада-салт ырларынын жаралуусуна, кызматына, жанрдык табиятына, идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө карай түрдүү багытта бөлүштүрүп, ар кандай формада мамиле кылып келишкени менен тектеш эки элдин чыгармаларын салыштыруу иштери жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу нын жанрдык табиятына жалпы мүнөздөмө берип, анын азыркы мезгилдеги турумуна талдоо жүргүзүү ***маселенин актуалдуулугун аныктайт***.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институнун кыргыз, түрк адабий байланыштарын изилдөө маселелеринин илимий багытына жана Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Түркология факультетинин окуу программасына туура келет.

**Иштин теориялык-методологиялык негиздерин** Диссертацияны жазууда кыргыз жана түрк, орус жана дүйнөлүк филологиянын илимий адабияттарына таяндык. Изилдөөнүн **методологиялык негизин,** *биринчиден*, улуттук каада-салт ырларынын фольклордогу жанрдык табиятын, ордун аныктоодо, анын практикалык жана теориялык принциптерин иштеп чыгууда маанилүү ой пикир айткан эл аралык, орус жана ошондой эле боордош түрк тилдүү элдердин тажрыйбалары түзөт. *Экинчиден,* улуттук каада-салт ырларынын фольклордогу жанрдык табиятын туура таанып түшүнүүдө дүйнөлүк философия, психология, этнография, лингвистика жана адабият таануу илимдеринин негизги жоболору баалуу кызмат өтөйт. *Үчүнчүдөн*, фольклордук чыгармаларды үйрөнүү багытындагы дүйнөлүк илимий принциптердин фундаменталдуу концепциялары улуттук каада-салт ырларынын табиятын, поэтикасын аныктоо, кыргыз жана түрк адабиятын салыштырып изилдөө үчүн пайдаланылат. Ошондой эле, кыргыз адабият таануу илиминдеги К.Мифтаков, М.Богданова, Б.Кебекова, А.Акматалиев, Г.Орозова ж. б.

pdfelement

адабиятчылардын, түрк адабият таануу илиминде М.Ф.Көпрүлү, Х.Дизтароглу, А.Челебиоглу, Э.Ж.Гүней, А.Инан, П.Н.Боратав, Ш.Элчин өңдүү түрк адабиятын изилдөөчүлөрдүн, дүйнөлүк адабият — илиминдеги В.Я.Пропп, С.Н.Азбелов, В.Е.Гусев, К.В.Чистовдун илимий эмгектериндеги каада-салт чыгармалары боюнча тыянактары түздү.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети.** Изилдөө предмети – кыргыз жана түрк калктарынын каада-салт ырлары, алардын көркөм-эстетикалык функциясы, эки элдин адабиятында каада-салт ырларынын акын, жазуучулар тарабынан трансформацияланышы жана алардын көркөм-эстетикалык наркына талдоо жүргүзүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Алдыга койгон максат кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын поэтикасын изилдеп, жанрдык табиятын, ордун аныктоо, окшоштук жана айырмачылыктарды ачып көрсөтүүгө багытталат. Тематикалык бөлүштүрүүнүн негизинде кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясын салыштырма-типологиялык өңүттө талдоо аркылуу окшоштуктарын жана айырмачылыктарын;. каада-салт ырларынын үлгүсүн пайдаланууда төкмө акындардын жана кыргыз, түрк акын-жазуучулардын чыгармачылыгындагы стилдик бөтөнчөлүгүн жана трансформациясын аныктоо максаты коюлду. Бул максатты жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй милдеттерди аткарууну көздөдүк:

- Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын жанрдык жиктелүү абалына талдоо жүргүзүү;
- Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эки элдин илиминде изилдениш тарыхына обзор жасоо жана андагы иликтене элек багыттарды аныктоо;
- Кыргыз жана түрк каада-салт ырларына тематикалык багытта салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзүү;
- Акындар чыгармачылыгында каада-салт ырларынын үлгүсүн турмушта пайдалануу абалына баа берүү;
- Кыргыз жана түрк азыркы жазма адабиятындагы каада-салт ырларынын трансформациясын анализге алуу.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы.** Биринчи жолу кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эки элдин илиминде изилдениш тарыхына, жанрдык классификациялоо даражасына салыштырма обзор жүргүзүлдү. Тарыхы тектеш эл кийинки доорлордо аймактык алыстыгы, эки башка дүйнөлүк саясий түзүлүштө өнүккөндүгүнө байланыштуу кыргыз жана түрк эли ар башка нукта өнүгүп келди. Бирок ошого карабастан калк маданиятынын абалкы кору каада-салттын айрым элементтеринде сакталып, элдик ырым-жөрөлгөлөрдү коштогон оюн-зоок, үлпөттөрдө ырдалган ыр формалары анчалык өзгөрүүгө учураган жок. Кыргыз жана түрк калктарынын каада-салт ырларын салыштырып талдоо, жалпылыктарын,айырмачылыктарын аныктап чыгуу – иштин жаңычылдыгын түзөт. Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын типологиялык мүнөзү аныкталып, илиминде изилденүү абалына баа берилип, иштелип чыга элек маселелери аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Иште салыштырылып талданган материалдар кыргыз жана түрк адабий мурастарын мындан ары өркүндөтүп иликтөөчүлөр үчүн фактылык кызмат аткара алат. Буга чейин каада-салт ырларынын табияты адабият таануу жана фольклористикада ар бир элде өз өзүнчө иштер жазылып жүргөндүктөн, ушул иште чыгарылган тыянактар эки элдин маданий сөз мурастарын жалпылаштырып окутууга көмөк бере алат.

pdfelement

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Каада-салт ырларын изилдеген кыргыз жана түрк окумуштуулары эмгектеринде ар бир жанрды өз алдынча изилдөө менен чектелишкен, тектеш тилдүү элдердин каада-салт ырлары параллелдүүлүктө талдана элек;
- Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эл оозеки чыгармачылыкта алган ордун алардын жанрдык классификациясын салыштыруу аркылуу аныктоого мүмкүндүк ачат;
- Жалпы түрк адабият илиминде түрк тилдүү элдердин чыгармачылыгын өз ара байланыштырып изилдеген өзүнчө бир багыт калыптанууга тийиш;
- Кыргыз элинин маданиятында каада-салт ырларын чагылдыруу боюнча акындар чыгармачылыгынын орчундуу орду бар, ал эми түрк маданиятында мындай төкмөчүлүк көрүнүш жоголуп кеткен;
- Араб жана фарсы маданияты кыргыз жана түрк адабиятына ар кыл деңгээлде таасирин тийгизгендиктен каада-салт ырлары (мисалы, жарамазан сыяктуу, мазмуну жана формасы боюнча өзгөрүп кеткен) бул багыттагы чыгармалар да өз алдынча изилдөөгө муктаж;
- Азыркы акындар каада-салттык ырлардын формасын пайдаланып жаңы чыгарма жазууда өз дооруна мүнөздүү турмуштук кырдаалдарды ачып берүүгө умтулуунун натыйжасында аларды стилдештирүү жана трансформациялоо процесси жүргөн;
- тектеш улуттарды жакындаштыруу үчүн алардын фольклорундагы жана жазма адабиятындагы окшоштуктарды аныктоо тарыхый байланыштардын, социалдык турмуш менен карым-катыштын өңүтүндө изилденүүгө тийиш;
- Кийинки мезгилдерде коомдук-саясий өзгөрүүлөрдөн улам кыргыз эли да, түрк эли да каада-салтка жаңы жөрөлгөлөрдү киргизе баштапкан. Бирок формасы өзгөргөнү менен салт ырлары эки элде тең адабий-эстетикалык баалуулук болуп саналат;
- ;

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- Каада-салт ырларынын жанрдык классификациясы кыргыз жана түрк илиминде кандай деңгээлде жүргүзүлгөндүгү биринчи ирет салыштырылып талданды;
- Каада-салт ырларын жанрдык жиктештирүү принцибине таянуу менен: бешик ырлары, үйлөнүү үлпөт ырлары жана сөөк коюу ырымында боло келген угузуу, жоктоо, кошокторун кыргыз жана түрк оозеки чыгармачылыгындагы орду аныкталды;
- Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эки элдин тарыхындагы жана азыркы турмуштагы ролу аныкталып, окшоштуктары жана айырмачылыктарына салыштырма-типологиялык талдоо жасалды:
- а) бешик ырларынын ыргактык түзүлүшү жана маанилик багыты боюнча дээрлик айырмаланбайт;
- б) үйлөнүү үлпөт ырымдарында эгерде кыргыздарда “чач өрүү”, “кыз кыңшылатуу” жөрөлгөсүндө “токмок салуу” кыз оюндарында ар кыл тематикадагы лирикалык ырларды ырдоого жол берилет, түрк тойлорунда мындай салт байкалбайт;
- в) кыз узатуу каадасында түрктөрдүн “кыз кынасы” же “кына сүртүү” ырымында кыргыздардын “кыз кошогу”, “эне кошогу”, “жеңе кошогундай” окшош мазмундагы арман, акыл-насаат (дидактикалык) бирдей калыптанган элдик ырлар мотиви бар;
- г) кыргыз адабиятында каада-салт ырларынын өнүгүшүнө төкмө акындар зор салым кошкон, ал эми түрк адабиятында “жоктоо” жанрынын үлгүсүндө акын-жазуучулар белгилүү тарыхый окуяга тиешелүү чыгармаларды жаратышкан.

pdfelement

- Каада-салт ырларын жанрдык жиктештирүү принцибине таянуу менен: бешик ырлары, үйлөнүү үлпөт ырлары жана сөөк коюуга байланыштуу оозеки чыгармачылыктын жанрларынын кыргыз жана түрк жазма адабиятында пайдалануу абалы аныкталды жана алардын көркөм-эстетикалык кызматына талдоо жүргүзүлдү;

**Диссертациянын апробацияланышы.** Илимий иш Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Түркология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасында талкууланып, факультеттин Окумуштуулар кеңешинин сунушу менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы жана Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун биргелешкен Окумуштуулар кеңешинин талкуусунан өтүп, диссертациялык кенешке сунушталган.

**Диссертациянын структурасы**

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, баптардын корутундуларынан, жалпы корутундудан жана адабияттар тизмегинен турат.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну**

**Киришүүдө** изилдөө үчүн тандалган теманын актуалдуулугу негизделет, изилдөөнүн предмети, максаты жана маселеси аныкталат, теориялык-методологиялык негиздери ачылат, илимий жаңылыгы жана натыйжасы көрсөтүлөт, изилдөөнүн теориялык жана тажрыйбалык маанилүүлүгү, апробация жыйынтыктары берилет.

**Биринчи бап** «Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын илимде изилдениши» деген теманын алдындагы маселе «Кыргыздын каада-салт ырларынын илимде изилдениши» жана «Түрк адабиятында каада-салт ырларынын изилдениши» деп эки параграфка бөлүнүп талданат.

«**Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын илимде изилдениши**». Кыргыз жана түрк адабиятындагы илимий изилдөөлөрдү салыштырып, алардын ортосундагы каада-салттык жакындык менен айырмачылыкты ачып көрсөтүү актуал маселенин бири. Ааламдашуу процессинде, дүйнөлүк адабият менен маданият интеграцияланып жаткан маалда, тектеш тилдерди жакындаштыруу аракети бардык жерде жүрүп жатканын эске алып, биз дагы кыргыз жана түрк адабиятын жакындаштырууга мүмкүн болгон ушул тар маанидеги чыгармаларды изилдөө максатын көздөп отурабыз. Эгер дүйнөлүк фольклор таануу илиминде токтолсок, аларда деле бөлүштүрүү ошол жанрдын маанисин ача турган жалпы касиетти гана алуу зарыл экендиги жараша аныкталат.

Эки элде тең улуттук фольклордо каада-салт ырларына белгилүү бир өлчөмдө токтолгону менен алардын андан берки өнүгүшү, азыркы мезгилде акындар тарабынан адабий-эстетикалык жактан көркөм иликтенип кодонулушу, бул жанрларда жаралган чыгармалардын нарк-насили жөнүндө окумуштуулар өз оюн ортого кеңири сала элек. Каада-салт ырлары элдин тарыхый баскан жолу канчалык узак, канчалык көп кырдуу болсо, анын каада-салт ырлары да ошончо көп түрдүү боло тургандыгын да белгилейт. Анткени, салттык көрүнүштөр өзүндө белгилүү бир доордун каада-жөрөлгөлөрүн алат дегенибиз менен ал ошол доорлордо башка улуттар жана мамлекеттер менен байланышып, ар түркүн расмий иш чараларды аткарып, алар акырындап, түпкү маанисин кеңейтип, элдик салттардын бирине айланып чыга келген. Аны коштоп аткарылган ырлар толугу менен каада-салт ырларын идеялык жана тематикалык жактан байытып, улуттук ырлардын лирикалык түрүнө кирип колдонулуп калганы талашсыз. Алардын мазмуну өтө эле кеңири – төрөлгөндөн тартып өмүрүнүн акыркы сапарына чейинки турмушун толугу менен кучагына ала тургандыгын аныктоого болот. Эгер улуттук фольклордук

чыгармалардын арасында сакталып калган каада-салт ырларын кең маанисинде алар бала бойго бүткөн тартып айтыла турган *тилектери* менен башталат да, андан соң ал жарык дүйнөгө келгенде анын келечегине карата айтылган *каалоо-тилектер*, ага берилген *бата, ыйман-ыйсаптуу болушуна карата айтылган ата-энесинин, ага-туугандарынын ой-санаалары*, андан соң турмуш курганда жетиштүү турмушка ээ болуусуна *арналган ой-тилектери, бата-каалоолору* менен коштолуп, андан ары эл турмушундагы кайнаган жашоо-тиричилик кубулуштарын кучагына алып уланып кете бере турган *лирикалык сезимдерди камтыйт*.

Алардын бардыгы тең улуттук каада-салтта колдонулушу башка лирикалык чыгармалардан айырмалап турат. Маселен, андай каада-салт менен байланышкан ырларда адамдын жогоруда аталган лирикалык сезимдеринен тышкары кадимки жайчылык турмуштун өзүн – мал багуу, мал төлдөтүү, эгин эгип, оруп жыюу, малды жайытка чыгаруу, конуш которуу сыяктуу тиричиликтин толук окуясы чагылат. Мындан тышкары алардын дагы бир багыты катары *пенденин өзүнүн турмушунан алынып,* тиричилигинин эсте кала турган окуяларынан топтошуп отурган маанайын - *көңүл көтөрүү, маанай ачуу* маанисинде коллективдүү түрдө ырдалганын; *экинчилери* – балалуу болуп жентек бергенде, бешикке салганда, тушоо кесүү ырым-жырымдарында каалоо-тилек айтуу, бата берүү, көңүл ачуу маанисинде колдонулганын; *үчүнчүлөрү* - казатка жөнөр алдында, аңчылыкка аттануу учурунда жолу болуп, ийгиликтүү келүү, аман жүрүү, олжолуу келишине карата; *төртүнчүлөрү* - жыл мезгилинин алмашышында ж. б. кырдаалдарда жалпы коллективдин катышуусу менен ырдалып келген.

Бул багыттагы чыгармалар каада-салттык көрүнүштөр менен гана чектелип калбастан, ал ошол мезгилде элдин бардык катмарын толугу менен канааттандыруу кызыкчылыгынан улам келип чыккандыктан, азыр эл арасында сакталып калган каада-салт ырларында адамдардын жаш курагын, социалдык катмарын, ал тургай жынысын эске алуу аркылуу жаралганын, аларда болгон түрдүү сезимдерди чагылдыруу элементтерин көбүрөөк сактаган. Маселен, мындай көрүнүштөр аркылуу каада-салттык ырлары тар мааниге өтүп, аларда улуттук салттык жөрөлгөлөр – *үйлөнүү той, кыз узатуу, жар көрүштүрүү* сыяктуу кырдаалдарда ырдала турган ырлардын тематикасын пайда кылса; акырындап күнүмдүк турмуштагы оюн-зоокторду коштой турган *сармерден ырларын* жаратса; андан соң белгилүү бир чөлкөмдү кучагына алган аш-тойлордо ырдалуучу ырларды калыптандырып, ал эми улуттук фольклордогу башка мазмундагы ырлар бөлөк жанрларды пайда кылган сыяктанат. Ыр менен коштолуп өткөн той-аштар буга мисал десек, аны коштоп жүргөн үрп-адаттык, ырым-жырымдык ырлар – *жар көрүштүрүү, жар-жар айтуу, кызга кошуу, кошок, жоктоо,* ж. б. ырлар анын туундусу катары көрүнөт. Ал эми фольклордук чыгармаларды изилдеген окумуштуулар улуттук каада-салт ырларын эл турмушунда аткарган функциясына карап бир нече түргө бөлүп жиберишкендиктен, тар мааниде жогоруда аталган чыгармаларды аны көбүрөөк салтка жакын касиетке ээ болгондору гана аркалап калгандай сезилет.

Кыргыз жана түрк адабият таануу илиминде каада-салт ырларына ар бири өз-өзүнчө мамиле кылып, изилдеп жаткан жайы бар. Албетте, андай максаттын баары бир мезгилде, бир иштин алкагында болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, биз өзүбүздүн алдыга койгон максатыбызды “Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын поэтикасы” деген теманын алкагында ишке ашырууну туура көрдүк. Анткени, аталган элдердин каада-салт ырлары улуттук адабияттын бир бөлүгү катары маанилүү орунду ээлейт да, ошол эле элдердин

коомдук-социалдык турмушун, этномаданиятын, тарыхый баскан жолун фольклордогу каада-салт ырлары аркылуу таанып-билүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. Экинчиден, каада-салт ырларын изилдөө аркылуу тигил же бул көркөм тексттерде кездешкен ар кандай салттык көрүнүштөрдүн ордун жана коомчулуктагы милдеттерин аңдаштырууга шарт түзө алабыз жана аны менен бирге байыркы мифтик жана тарыхый мазмундагы чыгармалардан тартып, бүгүнкү күнгө келип жеткен салттык жөрөлгөлөр элдин адабий чыгармаларында кандай милдет аткарып келгендигин байкоого, анын көркөм дөөлөттүк нарк-насили канчалык экенин аныктоого болот. Каада-салт ырлары улуттук жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга эмоционалдуу-экспрессивдүү маани берүү менен ошол элдин лирикалык ой жүгүртүүсү кандай калыптанганын, ал лирикалык ой жорумда эл кандай турмушту башынан кечирип, алар ар түрдүү мотивдештирүү менен бүгүнкү күнгө келип жеткендигин гана сүрөттөбөстөн, аларда ар улуттун тарыхый аң-сезиминдеги өзгөчөлүктөрүнүн, жазма-сызма өнөрдүн калыптанышына чейинки түркүн адабий-эстетикалык табитти калыптандыруу, ойду көркөм образдуу жеткирүү, жаштарга тарбия берүү багытында белгилүү бир кызматты аткарып келгендигин жана келе жаткандыгын эсепке алсак, анда отурукташкан маданиятты тутунган түрк элинде жана көчмөн турмушта жашаган кыргыз сыяктуу элдин фольклордук чыгармаларында аң сезимдин уникалдуу бөтөнчөлүгүнө ээ касиетти да сактап тургандыгын изилдөө талабы турат.

Эки улуттун каада-салт ырларын салыштырып кароо - оозеки ой жүгүртүү менен жазма маданиятка мүнөздүү ой жүгүртүүнүн синхрондуу түрдө бирдей жашашы, профессионал адабияттын жанрларынан башка жазма адабияттын түрлөрүнө жетишкен түрк элдерине мүнөздүү адабий жанрларды улуттук каада-салтка таянып жаратуусу; алардын эл арасында калыптанган фольклор менен катар жазма адабий үлгүлөрдүн бир заманда эриш-аркак синкреттүү касиетин сактоо өнүгүшү; каада-салттык мүнөзү менен айырмаланган чыгарманын сюжети жана композициялык түзүлүшү боюнча өзүнчө касиетке ээ жанрдык түрүн жаратуусу, ж. б. проблемалар кыргыз адабият таануу илиминде аны монографиялык планда изилдөө актуалдуу маселелерден. Кыргыз жана түрк адабиятында каада-салт ырларынын мезгилдик өлчөмүн аныктоо, өзүнүн көркөм-эстетикалык бийиктигин кайсы доорлордо аталган жанрда жаратканын тактоо жана аны дүйнөлүк адабий коомчулуктагы абалы менен салыштырып милдети алдыда турса да, бул иште андай маселени чечүү мүмкүн болбой турат. Биринчиден, иштин көлөмү андай маселелерди камтууга жол бербей турган болсо, экинчиден, илимий иштин жол-жобо, талаптарына ылайык ушул жанрда кандай проблемаларды чечүү, кандай милдеттерди аткаруу багытын так көрсөтүү зарылдыгы кадыресе бир эле маселеге токтолууну шарттайт.

**Биринчи параграф. «Кыргыздын каада-салт ырларынын илимде изилдениши».** Кыргыз калкы байыртан көчмөн турмушка негиздеп калыптандырган улуттук маданияты, өзгөчө элдик фольклору дүйнө элдеринен айырмаланса, анын көчмөн цивилизацияга негизделип түзүлгөн чыгармалары да уникалдуу мүнөзгө ээ. Эгерде көпчүлүк элдерде фольклор байыркы маданиятын таанып-билүүнүн булагы болуп тарыхтын барактарында калса, кыргыздарда турмушунда анын дале баштапкы калыбындай күчүндө тургандыгы менен айырмаланат. Анын себебин улуттун казынасына айланып кеткен элдик оозеки чыгармалардын көпчүлүгү деле эл арасында кадимки абалында колдонулуп, журт арасында *баласын бешикке салуу*, үйлөнүү салттарында *көңүл ачуу*, кайгыруу, *аза күтүү* ырым-жырымынын ажырагыс атрибуту катары “кошоктун” колдонулуп келиши менен түшүндүрүүгө болот. Буга азыр эл арасында мурда пайда

pdfelement

болгон каада-салт ырлары менен катар автору белгисиз элдик болуп калган лирикалык чыгармалардын аткарылып жүргөнү мисал болуп берет.

Кыргыз элинде каада-салтка таандык чыгармалардын бардык түрү өтө өнүккөндүгүн ага кайрылган изилдөөчүлөрдүн баары бир ооздон белгилеп келишүүдө. Андай көз караштардын алгачкысы катары XIX кылымда изилдеген кыргыз фольклорун окумуштуулар Ч.Ч.Валихановдун [Валиханов Ч.Ч. Избранные произведения . - М.: Наука, 1986, -с.288], В.В.Радловдун [Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. ч.V. Наречие дикокаменных киргизов. – Китепте: Энциклопедический феномен эпоса «Манас».- Б.: Илим, 1995, -с.5] пикирлерин атап кетүү кажет. Алар кыргыздардын элдик чыгармаларына алгачкылардан болуп кайрылып, калк турмушун чагылдырууда элдик көркөм мурастын өзгөчө сапаты бар экенин белгилейт жана алардын арасына биз өзүнчө бөлүп токтоло турган жанр – каада-салт ырлары дагы кирет. Алар зор көлөмдөгү "Манас" эпосу башында турган элдик чыгармаларга жалпысынан кайрылышканда элдик каада-салт ырларынан кыйгап кете алган эмес. Ошол зор көлөмдөгү чыгармалардын жаралуусуна кайрылган мезгилде элдин көчмөн турмушуна, анда колдонулган каада-салттарга, үрп-адаттарга, элдик ырым-жырымдарга көңүл бурбай коё алышпаган жана алардын жаралуусуна элдик каада-салт маанилүү роль ойногондугун эпоско кайтылган алгачкы окумуштуулар белгилешкен [Валиханов Ч.Ч. Избранные произведения.- М., Наука, 1986, -с.288]. Мындай мамиленин болушун кийинки адабиятчылар ар кыл өңүттөн түшүндүрүшкөнү менен көзгө так-таамай көрүнүп турган нерсе – алардын мазмунунда көчмөн тиричиликке негизделген коомдук-социалдык турмуш тургандыгы талашсыз. Чынында эле элдик оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрү – *эпикалык, лирикалык* ал тургай айрым окумуштуулар өзүнчө бөлүп көрсөтүп жүргөн *дидактикалык чыгармалардын* жаралуусуна, аларда чагылган идеялык-тематикалык мазмунга, идеялык-эстетикалык дөөлөттөргө кыргыз элинин социалдык турмушу, анда орун алган каада-салттардын таасири зор.

Улуттук каада-салтты камтыган касиетти лирикалык, ал тургай эпикалык чыгармалардын жалпылыгы катары карагандыктан, окумуштуулардын көпчүлүгү чыгармаларды классификациялоодо андан башка сапаттык бөтөнчөлүктөрүнө таянуу менен бөлүштүрүүгө багыт алышкан. Мындай ыкма бир караганда туура болгондой, б. а. каада-салттык түшүнүктөр элдик фольклордогу лирикалык чыгармалардын ичинен таза салттык көрүнүштөрдү ичине алган чыгармаларды гана атоо менен чектелүүгө шарт түзгөн. Анын натыйжасында мазмуну боюнча башка тематиканы камтыган ырлар фольклордук чыгармаларды классификациялоодо бөлөк аталыштар менен берилип, ага ылайык каада-салт ырлары түшүнүккө ээ боло баштаган. Кыргыз адабиятчыларына мүнөздүү болгон мындай көрүнүш бир гана кыргыз адабият таануу илимине тиешелүү болбостон, андай бөлүштүрүү совет мамлекетинин курамына кирген түрк тилдүү элдерге да мүнөздүү болгон. Салыштырып караганда кыргыз, казак, каракалпак фольклористикасында бул багытта бир топ жалпылыктар бар.

К.Мифтаков XX кылымдын 20-жылдарында өзү эл ичинен жазып алган материалдардын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн кыргыз фольклорун классификациялап, ага кайрадан 1924-жылы толуктоолорду киргизип, каада-салт ырлары "Көңүл улоо сөздөрү" деген жалпы аталышты алат да, ага кара ыр (терме), кошок сыяктуу жанрдагы чыгармаларды киргизип, анда кошокту "кыз кошогу", "көрүшүү" деген жанрларга бөлүп, каада-салт ырларын маанисине карай ажыратат. Ал эми өзү мурда "Кыз өбүшүү" деп бөлүштүргөн жанрды экинчи топко айтыш, калп менен бирге топтоштурат. 1927-жылы

дагы толуктоолорду киргизет. Анда салт ырларын маанилик жактан бөлүштүрүүгө аракеттенип, той менен кызды узатуу багытындагы оюндарда ырдалуучу ырларды өзүнчө жанр катары топтоштурат. Аны “Кыз өбүш” деп атайт да, ага кыз оюнда (токмок салууда) ырдалуучу ырларды киргизип, маанисине карай бөлүштүргөнүн белгилейт. Анын түшүндүрмөсү боюнча каада-салт ырлары дагы бир тарамга ээ болот. Анда каада-салт ырлары майдаланып, өзү тарабынан мурда бөлүштүрүлгөн айрым бир жанрдагы салт ырлары менен бирге башка топко кошулат, б. а. анын акыркы бөлүштүрүүсү боюнча адамды өлгөндө жоктоо маанисинде ырлар “кошоктор” деп аталып, алар “Көңүл улоо” деп аталган башка бөлүмгө термелер (кара ыр) менен бирге жайгаштырат [Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусу, инв. № 165].

К.Мифтаковдон кийинки кыргыз адабиятчыларынын адабий-теориялык көз караштарына орус адабият теориясынын таасири катуу тие баштаганын көрүүгө болот. Маселен, К.Мифтаковдун фольклордук жанрларды классификациялоо принцибине кыргыз элинин улуттук чыгармаларынын ички өзгөчөлүгүн эске алуу касиети сакталган болсо, улам кийинки көз карашта мындай мамиле акырындап солгундай баштаган. Бул элдик оозеки чыгармаларды жиктештирүүдө улам кийинки жылдарда кыргыз элине мүнөздүү мазмундук жана формалык сапатына карай жанрларды бөлүштүрүүгө көңүл бурулбастан, орус адабиятында кандай болсо ошол жанрдык аталыштарды кабылдоо аракети башталган.

Кыргыз адабиятында улуттук каада-салт катышпаган бир да ыр бир чыгарма жок. Алардын бардыгында элдин турмушунан алынган улуттук каада-салт чагылып турат. Мындай көрүнүштү баамдаган К.Мифтаков “Кызыкчылык сөздөрү” тобуна улуттук каада-салт менен түздөн-түз байланышы бар чыгармаларды киргизет. К.Мифтаковдун “Эски адат сөздөрү” деп атоосу эч бир терминдик аталышка ылайык келбейт. Бирок, анын аракетинде улуттук чыгармалар сөзсүз улутка тиешелүү маани-мазмунун чагылдыруу касиетине жана каада-салттык жүзүнө жараша бөлүштүрүү керектигин аныктап көрсөтүп тургандыгы менен баалуу болуп саналат. Кыргыздын каада-салт ырлары улам кийинки изилдөөчүлөр тарабынан жаңыча бөлүштүрүлүп, алар өз изилдөөсүндө буга чейинки илимий-теориялык көз караштарды жалпылаштыруу жана толуктоо менен мамиле кылууга аракеттенгендиктен, ушул проблемага акыркылардан болуп кайрылган Б.Кебекова да [Кебекова Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. – Б.: Шам, 2001], А.Акматалиев да [Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. – Бишкек, 2000; Акматалиев А. Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры. – Бишкек, 2000], ишти аткарууда чыгармачылык менен мамиле жасашкан.

**Экинчи параграф. «Түрк адабиятында каада-салт ырларынын изилдениши».** Түрк адабият таануу илиминин башатында турган мындай иштер калк ырларын классификациялоо багытында И.Асланоглу, Х.Дизтароглу, Э.Ж.Гүней, Ж.Өзтелли, А.К.Тежер, В.Арсевен, С.Я.Атаман, Ф.Арсунар, Ш.Байкурт, М.Р.Газимихал, В.Л.Салжы, А.Сайгун, Ж.Демирсипахи, Г.Орансай, Р.Су, М.Сун, М.Сарысөзен, Б.Р.Эйүвоглу, А.С.Үнвер, А.Жафероглу, А.Инан, Х.З.Кошай, П.Н.Боратав, ж. б. маанилүү иштерди жүрзүгүшкөн. Алар өздөрү жыйнаган чыгармаларды классификациялоодо Батыш элдерине мүнөздүү бөлүштүрүүдөн айырмалана турган вариантты сунуш кылышкан. Алар мында М.Кашкаринин “Түрк сөздөр жыйнагындагы” калк ырлары боюнча аталыштарды негиз кылып алышкан. Бирок чыгармаларды классификациялоо боюнча көз караштары да кыргыз адабият таануу илиминдегидей эле бир өңчөй эмес. Түрк окумуштууларынын кээ бирлери улуттук каада-салт ырларынын жанрдык табиятын аныктоодо анын жаралуусуна

негиз болуп берген улуттук салт жөрөлгөлөрүнө көңүл бурса, экинчилери коомдук-социалдык турмуштун таасирине артыкчылык беришкен. Ошондой болсо да алар өздөрүнүн пикирлеринде каада-салттык ырдын мазмунуна, жаралуу генезисине, өзгөчөлүк табиятына маани беришкени менен улуттук каада-салт ырларын классификациялоодо башкы касиет эмне экендигин так ачып көрсөтүшкөн эмес. Мунун өзү түрк калк адабиятында бул темага байланыштуу изилдөө иштери али алдыда экендигин ырастайт. Түрк окумуштуулары өздөрүнүн көз караштарынын илимий баалуулугун арттыруу үчүн Батыш адабиятындагы ушул проблемага тиешелүү ой-пикир, көз караштарды өздөрүнүн изилдөөлөрүндө колдонгон, бирок аталган проблема аларда терең иликтөөгө алынбагандыктан, илимий-теориялык концепция ушул мезгилге чейин иштелип чыга элек.

**Экинчи бап «Кыргыз жана түрк адабияттарында каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы»** деп аталып, ал үч параграфтан турат. Кыргыз жана түрк адабияттарында каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы талдоого алынат. Кыргыз жана түрк адабияттарында каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясындагы окшоштуктары жана айырмачылыктары белгиленип, мисалдар менен бышыкталат. Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын поэтикасы салыштырма-типолгиялык өңүттө анализге алынат. Каада-салт ырлары тематикалык багытта талданып чыгат. Кыргыз жана түрк адабиятындагы каада-салт ырларынын төкмө акындар чыгармачылыгында колдонулушу талдоого алынат. Азыркы адабияттагы кыргыз жана түрк акын, жазуучулары тарабынан каада-салт ырларынын үлгүсүнүн стилдик бөтөнчөлүгү жана мазмундук трансформациясы белгиленет.

**«Кыргыз жана түрк адабияттарында каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы: окшоштуктар жана айырмачылыктар» деген биринчи параграфта** каада-салт ырларынын жанрдык касиетин талдоодогу теориялык жалпы маселелерди камтып, ошондой эле кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эки элдин илиминде изилдениш тарыхына, жанрдык классификациялоо даражасына обзор жүргүзүлөт. Каада-салт ырларынын кыргыз жана түрк илиминде изилденүү абалына баа берилип, иштелип чыга элек айрым суроолору аныкталат. Түрк тилдүү элдердин бардыгынын теги бир болгондуктан, алардын калк ырларында жакындыктар өтө эле көп. Алар, *биринчиден,* азыр башка-башка мамлекет аталганы менен байыркы мезгилден бери бирде биригип, бирде өз алдынча мамлекет болуп, улуттук фольклордо камтылгандай далай кылымды басып, бирдей тагдыр күтүп бүгүнкү күнгө келип жеткени белгилүү. Бул мезгилдерде элдин турмушу не бир укмуш өзгөрүүлөргө дуушар болуп, далай коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жаңылануулары башынан кечирсе да, ал элдерде көчмөн цивилизацияга негизделген байыркы көнөө салттар сакталып кала берген. Ал салттар өзүнө ылайык көркөм-эстетикалык баалуулуктарды түзгөн болсо, анын баары бүгүнкү күндө улуттук фольклордогу чыгармалардын жанрдык табиятын калыптандырып, улам мезгилдин өтүшү менен толукталып, бирде улуттук маданияттын туу чокусуна айланса, бирде бөксөрүп, башка каада-салтка ордун бошотуп берип, диалектикалык мүнөздө өнүгүп келген. Бизге бул ырлар аркылуу кыргыз жана түрк элдеринин тектеш экендигин, эки элдин чыгармаларындагы поэтикалык жакындыктар аркылуу көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Анткени, алар байыркы мезгилден бери карай эл оозунда айтылып келүү менен бирге азыр да эл арасында каада-салт катары колдонулуп жатат. Ошондой эле азыр да эл арасында пайдаланылып жаткан салттык жөрөлгөлөрдө кандай окшоштуктар болсо, анда аткарылган чыгармалардын мазмунунда, адабий-эстетикалык табиятында, жаштарга таалим жана тарбия

берүү багытында айтылган ички пафосунда да ошондой тектештиктерди салт аркылуу эле эмес, ырдын мазмуну менен да аныктап көрсөтүүгө болот. Эки элдин улуттук фольклордук чыгармаларынын арасынан каада-салт ырлары эки элдин адабий мурастарынын байыркылыгын гана аныктап турбастан, эки эл колдонгон элдик салттардын жакындык маани-мазмунун да ошол чыгармалардын адабий-эстетикалык сапаты менен да көрсөтүп, каада-салт ырларысыз элдин турмушун элестетүүгө мүмкүн эместигин да ачыкка чыгарат. Биз эки элдин улуттук каада-салт ырларын талдоого алуу менен байыркы мезгилден бери келе жаткан алардын окшоштугун гана билип-таанымбастан, жалпы түрк тилдүү элдерге кандай каада-салттар мүнөздүү болгон. Мындай мамиле түрк адабият таануу илиминде азыр маанилүү орунга ээ болгон каада-салт ырларын араб жана фарсы маданияты аркылуу калыптанган буга мазмундаш ырлардан түрк тилдүү элдерге гана мүнөздүү ырларды бөлүп көрсөтүүгө негиз бере алат. Анткени, байыркы мезгилден бери келе жаткан аноним түрк калк ырларын жана кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгына таандык каада-салт ырларын карап көргөнүбүздө алардын арасында бардык ырларда улуттук каада-салт катышканы менен негизги мазмуну кылып алган чыгармаларга кыргыз адабиятынан бешик ырларын, балдардын оюн ырларында, үйлөнүү салт жана үй-бүлөчүлүккө байланыштуу ырларда, адам өлгөндөгү каада-салт ырлары - керээз, угузуу, жоктоо, кошок, көңүл айтуу же жубатуу ырларында кездештирсек, түрк фольклорунда улуттук каада-салттык көрүнүштөр “нинни”, “мани, “түркү”, “кошма” жана “агыт” деп аталып, аталыштарында айырмачылык болгону менен мазмундук жактан жана түрлөрү боюнча белгилүү жакындыктар менен үндөштүктөр бар. Бул ырлар эки элде тең муун өлчөмү (*хеже өлчүсү*) менен түзүлүп, ырлардын уйкаштык өлчөмү да бири-бирине туура келгени менен да түпкү теги бир. Кыргыздын каада-салт ырларынын басымдуу бөлүгү сөөк коюуга байланыштуу: “угузуу”, “жоктоо”, “көңүл айтуу”, “кошоктордон” турат. П.Н.Боратав жокто ырларын (агыттарды) берген мазмунуна карай – 1) киши өлгөндө; 2) кыз келин болуп кетип жатканда; 3) зор кыргындардан соң; 4) жаратылыш кырсыктарынан кийин пайда болгон; 5) элдин даңктуу уул-кыздарына арналган жоктоо ырлары деп бөлүштүрөт.

Түрк элдеринде анын башка элдерден айырмаланган түрү бар экенин байкалат. Азыркы учурда алар белгилүү айырмачылыкка ээ болуп жашаса дагы байыртан келе жаткан жалпылыктар бар. Түрк эли “аноним калк ырлары” деп атаган чыгармалар башка улуттук фольклордой эле далай кылымды басып бүгүнкү күнгө келип жеткен болсо, анда үйлөнүү салт ырлары да сакталып келгендиги белгилүү. Каада-салт ырларынын ичинен жоктоо ырлары менен бирге эч айырма чыкпаган бул – бешик ырлары. Бешик ырларын изилдеп келип, Г.Орозова аны бир нече топко бөлүп карайт. Алар төмөнкүдөй: 1) балага арналган алкоо, каалоо, алкыш, бата айтымдары; 2) бешик ырлары; 3) эркелетүү ырлары; 4) ырымдар, дарымдар; 5) балдардын чымчыкей ырлары деген аталыш менен берилген. Түрк калк адабиятында ал “ниннилер” деген жалпы аталыштын алдына биригип изилденет.

Поэтикалык өзгөчөлүгү боюнча айырмаланган каада-салт чыгармаларынын башында *кудалашуу, жуучу жиберүү, чач алдыруу, кызды тойго даярдоо, күйөөлөп келүү, той өткөрүү* салттарына тиешелүү лирикалык чыгармалардын ар биринин өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү болгону менен жалпы түрк тилдүү элге тең орток тарыхый-типологиялык жалпылыктар сакталып калган. Кыргыз адабиятында жогоруда аталган салттар маанилүү орунда туруп, ал эми анда колдонулган чыгармалар эки жашка карата каалоо-тилектерден туруп, поэтикалык түзүлүшү боюнча **“жорго сөз”, “айтым”, “түрмөк”, “ыр”** деген түшүнүктөр менен берилип келсе, түрк элинде да *кудалашуу, жуучу жиберүү, кына сүртүү,* ж. б. каада-салттарда аткарылган лирикалык чыгармалар түрк адабиятында көбүнчө **“мани”** жана **“түркүлөр”** аркылуу жеткирилет.

pdfelement

**Кыргыз жана түрк адабияттарында каада-салт ырларынын айырмачылыктары:** Кыргыз адабиятында жанр катары калыптанган ырлардын башында **“жар-жар” ырлары** турат. Алар дал ушул маанисинде өзүнчө жанр (“яр-яр”) катары түрк каада-салт ырларында кездешпейт. Эки элде алар жанрдык табияты, социалдык чөйрөдө аткарган кызматы боюнча үндөш, адабий-эстетикалык багытта ээлеген ордуна карата маанилеш болгону менен доорлордун алмашуусу, анда бийликте турган адамдардын шан-шөкөткө карата мамилесине жараша андай каада-салтты коштогон чыгармалардын мазмунуна эле эмес, формасына да өз таасирин тийгизгендиктен, бул багыттагы лирикалык чыгармалардын эки элде өз-өзүнчө топтомунун жаралуусуна шарт түзгөн. Анын натыйжасында *жар-жар ырлары* кыргыз элдин өзүнчө жанрдык табиятын сактап келген болсо, түрк элинде жанрдык сапатын жоготуп түркүлөргө сиңип кеткен. Кыргыз элинде үйлөнүү үлпөткө байланышкан каада-салт чыгармаларынын ичинен өзгөчө лирикалык ырларга мүнөздүү көрүнүштөр үйлөнүүгө камылга көрүп жаткан жигиттин “**чач алуу**”, ал эми кыздын “**чач өрүү**” салты сакталып калган болсо, түрк элинде булардын арасынан бир тарабын кыздын чачын өргөндө “**кына сүртүү**” формасы гана сакталып, ал эми жигитин чачын алуу араб маданиятынын таасиринен улам жок болуп кеткен. Буга мисал “Кына түркүсү” деген аталыш менен элге тараганын Д.Кайа өзүнүн “Аноним калк ырлары” атуу эмгегинде көрсөтөт [Кайа Д. Аноним калк ырлары. – Анкара, 1999, 185 - 188-б.]. Мазмуну боюнча алганда “Кына ырлары” жеке кыздын тагдырына тиешелүү жана анын барган жеринде бактылуу болушуна карай ой-тилектерин камтыган. Кыргыз элинде мындай салттык жөрөлгөгө тиешелүү ырлары болбогону менен андай мезгилде жаштарга көңүлдүү болуш үчүн ар кандай тематикадагы салттык ырлар аткарылып келген.

Андай мазмунга ээ лирикалык ой толгоолор “чач өрүү” салтында ырдала турган ырлардын маани-мазмунун өзгөртүү менен бирге калк арасында үйлөнүү үлпөт ырларынын идеялык мазмунун өзгөртүүгө жетишкен. Андай армандуу жан дүйнө чагылдырылганы менен бул мезгилде ырдалган элдик каада-салт ырларынын пафосу – кыздын барган жеринен бактылуу болушуна карай каалоо-тилектери менен жыйынтыкталган. Кыргыз каада-салт ырларында бул жалпысынан кыз узатуу тобуна кирип: “кыз кошогу”, “кыздын энесинин кошогу”, “жеңе кошогу” тематикаларына бөлүнөт. Кыргызда мындан башка “күйөөлөө” салты бар, андагы салт ырларын бүтүндөй күйөө жолдош аткарат. Ал эми “той баштарды” акындар баштаган. Түрк фольклорунда “күйөөлөө түркүсү” (“гүвейи түркүсү”) жана келинди тосуп алуу маанисин аткарган жөрөлгөнү коштогон “Келинди каршы алуу” (Гелин каршыламасы”) түркүлөрүндө салттык идеялык мазмун чагылдырылат.

Кыргыздарда “каада-салт ырлары ” жанрдык жагынан өзгөчө сапаттык белгилерге ээ болуу менен элдик фольклордук башка чыгармалардан мазмундук жана идеялык-эстетикалык, адеп-ахлактык жана көркөм дөөлөттүк касиетине байланыштуу түптөлсө, түрк фольклорунда да ошол касиетин сакталып калган ырлардан байкалат. Көчмөн маданиятка негизделген кыргыз турмушунун жашоо образындагы өзгөчөлүктүн бири – жалпы эл жазуу-сызуу өнөрүнөн алыс тургандыктан, элдин турмушу каада-салт ырларынын мазмунунда кеңири жайылып сакталып келген. Түрк элинде баштапкы көчмөн замандагы көп көөнө мурастары унутулуп калган. Ошондуктан кыргыздын каада-салт ырларына салыштырууда аларга окшош материалдар табыла койбоду. Мисалы кыргыз элинде өлгөн адамга урмат-сый көрсөтүү багытында калыптанган каада-салтка байланыштуу чыгармаларга **көңүл айтуу, жубатуу ырлары** дагы кирет. Мындай жанрдагы ырларды биз түрк фольклорунан кездештире албадык Каада-салт ырларынын ичинен түрк аноним калк ырлары гана ошол мазмунду ээлеп, эл кандай тарыхый жолду басып өткөнүн туюндуруп берет. Түрк калкынын маданиятында “угузуу” салты

pdfelement

кездешпейт. Ал эми кыргыз жана казак фольлорунда "угузуу" салтынан келип чыккан поэтикалык чыгармалар, мисалы, Чынгызханга уулу Жуучунун кырсыктан каза тапканын угузуудагы айтылуу ыры жана ага байланыштуу сюжеттүү уламыштар эки элдин оозеки адабиятында кеңири тарган. Мындай чыгармалар түрк калк адабиятынан табылбады. Отурукташкан турмушка эрте баш коюп, аймактык жайгашуусу боюнча ислам дининин таасири түрктөр арасында кенен жайылгандан улам каада-салтта диний ишенимдерге байланыштуу ырлар көп колдонулат. Кыргыздарда, алар менен тең катарда совет түзүлүшүндо турган казак, өзбек, каракалпак, башкыр каада-салтында атеисттик идеология күчтүү болгондон улам мусулманчылык мазмунундагы ырлар жокко эсе – алар салт ырларында, ырым-жөрөлгө тексттеринде сейрек кездешет жана союздун курамында турган түрк калктарынын мал чарбачылыгы менен алектенген бөлүгү жарым көчмөн чарбаны тутунгандыктан түрк элине салыштырмалуу түрдө көпчүлүк ырым-жөрөлгөлөр анча өзгөрүүгө учурабагандай таасир калтырат. Ошондуктанбы, кыргыздардын каада-салт ырларында эзелки нукура ырымдарды чагылдырган тексттер арбын учурайт. Каада-салт ырлары кыргыздын эпосторунда жана азыркы жазма адабияттын проза жанрында каада-салт жөрөлгөлөрүн көркөм сүрөттөө аркылуу чыгарманын поэтикалык наркын арттырган учурлары абдан жыш келет.

Темага ылайыктуу этнографиялык өңүттө изилдөө абалына келсек казак адабият илиминде кыргыз жана түрк фольклористикасына салыштырмалуу улуттук фольклордун жеке казак элине таандык касиетин сактоого карай мамилеси жогору экендигин, анын натыйжасында бардык фольклордук чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө каада-салттык жөрөлгөлөрдү биринчи коюп, аны эл турмушу менен байланыштыруу башкы орунга коюлуп келгендиги байкалды.

**Экинчи параграфта «Каада-салт ырларынын синкретүү табияты жана жалпы түрк элдеринин маданий турмушундагы орду» боюнча ой бүтүмдөр камтылды.** Турмуш башатын жалпы адамзат үчүн мыйзамдуу көрүнүш болгон эки жаштын баш кошуп үй-бүлө куруу ээлейт. Ал коомдук-социалдык, турмуштук, этнографиялык, ж. б. маселелерди толугу менен ичине камтыган адам турмушу деген жалпы ат менен түшүндүрүлүүчү факторлорду жаратат. Ал факторлор адамдарды улутка бөлүү менен чектелбестен, территориялык обочолонууга, б. а. коомдук түзүлүшүнүн, жашоо шартынын, диндик, тилдик айырмачылыгына, турмушка, дүйнөгө көз карашы, ой жүгүртүү, көркөм деңгээлинин өйдө-төмөндүгүнө карабастан, үй-бүлөлүк нарк-насилди аныктоочу каада-салтты негиздейт. ар бир түрк элдери өзүнө таандык жалпы касиетти сактап, аны турмуштук болмуштун таасири менен толуктап тургандыгы анык. Ошондуктан коомдук түзүлүштүн талаптарына жараша айрым каада-салттар туруктуу формасында калса, кээ бир салттар ирегелеш жашаган башка элдердин таасиринде жаңыланбай койгон эмес. Анын натыйжасында, турмуш жагдайы, дини, дили, каада-салты жакын түрк элдеринин ортосунда орток каада-салттар ачык көрүнүп, ал турмуш-тиричилик жагынан окшош коомдук түзүлүштү басып өткөндүгүн туюндура алган каада-салттар бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен. Маселен, кыргыз элдик каада-салт ырлары менен таанышканда кыргыз элинин башынан өткөргөн турмуш анын мазмунунда кеңири орунда экенин байкалат. Мисалы, кыргыз каада-салт ырларында монгол, калмак төбөлдөрүнүн баскынчылык жортуулдарын баштарынан өткөргөн кырдаалдар көп чагылган. Мындан тышкары каада-салттык ырлар эки элдин адабий мурастарын гана аныктап турбастан, ошол эки эл бирдей колдонгон элдик салттардын маани-мазмунун да көрсөтүп турат. Биз байыркы мезгилден бери келе жаткан улуттук каада-салт ырларын талдоого алуу менен алардын поэтикалык касиетин гана билип-таанылбастан, ошол эки элге эле эмес, жалпы түрк тилдүү

pdfelement

элдерге кандай каада-салт мүнөздүү болгонун да аныктап биле алабыз. Мындай мамиле түрк адабият таануу илиминде азыр маанилүү орунга ээ болгон ыр түзүлүшүндө өз орду бар, араб жана фарсы тилдери аркылуу калыптанган ыр ченемдеринен тышкары турган түрк тилдүү элдерге гана мүнөздүү ыр курамдарын бөлүп көрсөтүүгө негиз бере алат. Азыркы мезгилде түрк адабият таануу илими ыр түзүлүшүн чоң эки топко [Өзсой Б. С. Байыркыдан бүгүнкүгө чейин мисалдары менен түрк ырлары. – Анкара, 2011, 81-б.] бөлүп, алардын биричисин - муун өлчөмүндө (*хеже өлчүсү*), ал эми экинчисин - аруз өлчөмүндө (*аруз өлчүсү*) деген аталыш менен берип келе жатат..

Кыргыз эли каада-салт ырларын жаратууда өзгөчө мазмунга артыкчылык беришкен. Ошондуктан, кыргыз ырлары поэтикалык жактан сюжеттүү келип, сакталып калган ырлардын ар бирinde катаал тагдырды башынан өткөргөн адам турмушунун бир элеси дайыма сакталып тургандыгы менен айырмаланат. Өзгөчө каардуу согуштун кесепетинен жаралган кайгы-муң жана баш кошуп жаткан эик жаштын мындай кесепеттерден алыс болушу, терметкен бешиги дайыма тынччылыкта болушуна, колуна алган баласынын эр-азамат болуусуна арналган тилектер жар-жар ырларынын негизги идеялык мазмунун түзөт. Мындай көрүнүш түрк адабиятында мани менен түркүлөрдө да кездешет, бирок алар башка мазмун менен аралашып кеткендиктен, кыргыз эли ырдап жүргөн жар-жар ырларынан айырмаланып турушат. *Жар-жар* ырлары тикелей каада-салттык мазмундагы лирикалык чыгармалардын бири. Ушул тематикада ырлардын поэтикалык мазмунунда кыргыз урууларынын бир учурда бир уруулук бирикмеден тарагандыгын далилдеген салттык жөрөлгө, түрк элдерине мүнөздүү этникалык жана салттык жакындык бар. Жар-жар ырларынан ата-эненин каалоо-тилектеринен тартып, түрк элдеринин аймактык бирдиги, дини, дили, маданий мурасында белгилүү өлчөмдө болуп келген каада-салттын чагылышынан тарыхый-генетикалык жалпылыктын түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн адабий-эстетикалык баалуулуктар кездешет. *Жар-жар ырлары* камтыган поэтикалык мазмун кыргыздарды гундар, усундар, сактар, огуздар жана кыпчактар сыяктуу түрк элдеринин уюткусун түзгөн байыркы уруулардын ичинен өзүнүн алгачкы ысымын өчүрбөй, тарыхтын башатынан бери келе жаткан эл экендигин айкын элестетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ырдын өзөгүн түзгөн кээ бир каалоо-тилектер *мани* менен *түркүлөрдө* орун алгандыгын байкоого болот.

Үйлөнүү ырларынын мазмуну адамдын жан дүйнөсүндө катылган лирикалык сезимдерди чагылдырганы менен белгилүү бир салттык жөрөлгөлөрдү да камтыгандыктан, аларды тигил же бул *каада-салттык жөрөлгөлөр* жана *ырым-жырымдар* менен байланыштыруу милдети сакталган. Ошондуктан үйлөнүү каада-салт ырларында элдик ырым-жырым менен тыгыз байланышта турган синкреттик мүнөзгө ээ мазмун сакталса керек. Ошол себептен А.Акматалиев бөлүштүргөндөй салттык жөрөлгөлөрдү, үйлөнүү үлпөт учурунда аткарылган ырым-жырымдарды негиз кылып жиктештирүү туура деп эсептейбиз. Бул чыгармаларды талдоого алган А.Акматалиев үйлөнүү үлпөт чыгармаларын кеңири масштабда карап, кыргыз элинде колдонулуп келген үйлөнүү үлпөт ырларын “уул үйлөп, кыз узатууга байланышкан проблемаларга” ылайык бөлүштүрөт [Акматалиев А. Үйлөнүү үлпөт ырлары / Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. I том. –Б., 2004, 109-б.]. Бир эле кыргыз эмес, көпчүлүк түрк элдеринде үйлөнүү багытталган биринчи “мамиле” кудалашуудан башталат. Кудалашуунун бел куда, бешик куда, сыяктуу формалары Орто Азия элдерине кеңири тарагандыгын аныктай турган эмгектер кездешет [Кисляков Н. А. Очерки до истории семьи и брака у народов Средней Азии и Казахстана. –Л., 1969, с 87; Абрамов С. М. Киргизы и их этногенетические культурные связи. –Л., 1971, с 223; Шатинова Н. И. Семья у алтайцев. –Горно-Алтайск, 1981, с 50; Аргынбаев Х. А. Семья и брак у казахов. –Автореферат на соиск.

pdfelement

учен. степени доктора истор. наук. –Алма-Ата, 1975, с. 68-69; Матыжанов К. Казактың отбасы фольклоры. Монография. –Алматы, 2007. 330 б.; Султангараева Р. Башкирская свадебьная обрядовая поэзия. -Автореф. на соиск. учен. степени канд. фил. наук. –Уфа, 1988, ж. б.]. мындай көрүнүш кыргыздарда орун алып, алар оозеки чыгармачылыкка да чагылгандыгына С.М.Абрамзон токтолуп, алардын арасынан “бел куда”, “бешик куда” сыяктуу түрлөрү кыргыз элинде үй-бүлө куруунун байыркы формасы катарында карайт. Каада-салт ырлары кыргыздын эпосторунда жана азыркы жазма адабияттын проза жанрында каада-салт жөрөлгөлөрүн көркөм сүрөттөө аркылуу чыгарманын поэтикалык наркын арттырган учурлар абдан жыш кездешет. Анын ичинен үйлөнүү үлпөт салтын сүрөттөөдөгү каада-салт жанрлары тууралуу адабиятчы А.Акматалиев өз изилдөөлөрүндө ар тараптуу иликтөөгө алган.

«**Кыргыз жана түрк адабиятындагы каада-салт ырларынын акындар чыгармачылыгындагы жана азыркы адабияттагы трансформациясы**» – **үчүнчү параграф.** Кыргыз адабиятында каада-салт ырлары ар бир доордун коомдук-саясий, социалдык-экономикалык өзгөчөлүгүнө, анда калыптанган жашоо образынын сапаттык белгилерин алып, ага ылайык улам маани-мазмунун жаңылап бүгүнкү күнгө келип жеткен болсо, түрк адабиятында да дал ошондой касиетти көрүүгө болот: каада-салт ырлары фольклордук чыгармачылыктын ичинде гана жашаган бойдон токтоп калган эмес. Ал тургай байыркы мезгилдерде эл ичинде аткарылып, ооздон-оозго өтүп келген чыгармалардын сакталышына, маани-маңызын жоготпой, поэтикалык бийик деңгээлде элге тартууланган мыкты ырлардын авторлору дагы жез таңдай төкмө акындар болуусу толук ыктымал.

Маселен, кыргыз куудулу Ш.Термечиков кантип “күйөө жолдош” болуп калганын айтып берүү менен кыргыз каада-салт ырларына тиешелүү болгон поэтикалык мазмун чыныгы турмуш менен кантип айкалыша тургандыгына күбө болгон. Кыргыз элинин жазма адабиятында мындай үйлөнүү-үлпөт тойлоруна арналган ырларга акындардын обондуу сүйүү ырлары мисал боло алат. Алар көбүнчө кыз оюндарда, мисалы “*токмок салуу*” учурунда ырдалган фактылары сакталып калган. Буга Сартбай Бөлөкбай уулунун “Күңөтай”, Токтогул Сатылган уулунун “Алымкан”, Барпы Алыкул уулунун “Мөлмөлүм”, Калык Акы уулунун “Көрүнүп койсоң болбойбу?”, деген сыяктуу ырларын мисалга келтирүүгө болот. Маалыматтарга караганда айтылуу “Алымкан” ырын ошол аты уйкаш кыздын тоюнда ырдаган деген маалыматтар айтылат [Токтогул. Энциклопедия. –Б.,2014]. Бул уламышты Т.Касымбеков “Кел-кел” романындагы сюжетке киргизген [А.Акматалиев. Балдарга арналган ырым-жырымдар. Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры. –Б.,2015]. Буга кыргыз элине акын, күүчү, обончу, комузчу, кыл кыякчы сыяктуу ар өнөрдүн ээси болгон Сартбай акындын башынан өткөргөн окуясы адабият тарыхында сакталып калган. А.Осмоновдун “Жар көрүү” ыры кыргыз элинде калыптанган каада-салттык касиетин сактап туруу менен катар ырдын поэтикалык мазмуну советтик турмуш образын, андагы адамдардын дүйнө кабылдоосун чагылдырып берүүгө аракеттенет. А.Осмонов “Жар-жар” өз доорунда жаңыланып бараткан жаштардын образын түзүүгө аракет кылган болсо, ошол эле учурда түрк акындары да жаңы коомдук түзүлүшкө ылайык каада-салт ырларын жанрдык жана көркөм-эстетикалык жактан жаңы сапатка өткөн мазмунун ырларында чагылдырууга аракет кылгандыгы кездешет. “Бешик ырынын” үлгүсүн Тыныстанов дагы, Осмонов дагы ырдын ыргагын, образдык мотивдерин окшош ыкмада өзгөрүүсүз пайдаланган. Бул жерде ар бир акын өз алдынча изденип учурдагы проблемага өз алдынча көркөм изилдөө жүргүзүп жатканы менен алар байыркы жана орто кылымдардан бери карай улуттук адабияттын өнүгүп-өсүү жолуна маанилүү роль ойногон тематикалык багыттарды андан ары өркүндөткөн.

pdfelement

Түрк акындары да өз чыгармаларында кийинчерээк эл арасында болуп жаткан окуяларга көбүрөөк көңүл бурушкандыктан, алар жазган түркүлөр дээрлик каада-салтты чагылдырууга караганда кыз менен жигиттин турмушуна, баш кошкондон кийинки өмүр, тирилигине байланышкан каалоо-тилек жана акыл-наасат айтуу көрүнүштөрү менен алмашканы байкалат.

Мезгилдин өтүшү алар азыркы турмуштук кырдаалга ылайыктап, үйлөнүү-үлпөт тойлорунда ырдала турган ырлардын тексттерин жаратууга жетишишкен. Маселен мындай мазмундагы ырларга А.Токомбаев, К.Маликов, А.Осмонов, Ж.Турусбеков, ж. б. башында турган акындар кандай киришсе, алар камтыган тематикалык жана жанрдык масштабды андан ары кийинки акындар ошондой өркүндөткөнүн көрүүгө болот. Мейли бешик ырларында, мейли жар-жар ырларында ар бир акын өзү жашаган доордун элесин түзүүгө аракет кылган. А.Осмоновдун чыгармачыл дүйнөсүн илимий өңүттө Р.З.Кыдырбаева, Ш.Үмөталиев, А.Садыков,С.Жигитов, К.Артыкбаев өңдүү адабиятчы-окумуштуулар системалуу түрдө изилдеп чыгып, калк арасындагы көркөм сөз мурастарын акын өз чыгармачылыгында чеберчилик менен пайдалана билгендигин, фольклордук элементтерге “жаңычыл” ой бүтүмдөрдү сыйдыра алгандыгы С.Жигитовдон башкасынын бардыгында оң баасын алган экен. С.Жигитов гана: «Осмоновдун лирикасында элдик поэзиянын айрым үлгүлөрүн тууроо, жаңылоо, стилдештирүү багытында жазылгандары да бар” – деп, М.Исаковскийдин сөзүн келтирип, бул бар болгону жасалма, имитация (тууроо)», бирок поэзия эмес деген көз караште турат.

Алыкул Осмоновдун «Ай көрдүм» деген ырында “Ай көрдүм, аман көрдүм, Айдын мунарынан, Жердин кучагынан беш жылдык план көрдүм” деген ырын Р.Кыдырбаева менен Ш.Үмөталиев “эски формадан жаңы мазмун” тапкан деп баалагандыгын сынга алат Жигитов. Бүгүнкү көз караштан алганда коммунисттик духта эмгектенген жалпы жамааттык турмушту даңазалаган советтик кыргыз адабияты үчүн Алыкулдун жогоркудай жаратмандыгы чыныгы поэзиянын деңгээлине көтөрүлбөгөнү менен коомдун идеологиялык талаптарын толук канааттандыра алган. Ал замандын идеологиялык тапшырмаларын аткарууда каада-салт ырларынын ичинен *кошок* жанры кыргыз акындары тарабынан кеңири колдонулуп келген. Алсак, А.Жутакеевдин жана А.Чоробаевдин “Ленин кошогу” адабиятта белгилүү (совет бийлиги тушунда Лениниден дагы артык сыйынуу культуна айланган Сталин өлгөндө кыргыз акындары тарабынан “Сталин кошогу” деле жазылган болуу керек). Мындай көрүнүш элдин аң-сезиминде, жалпы маданиятында, демек, дүйнөгө карай көз карашында эпикалык ой жүгүртүүнүн дагы деле болсо өз күчүн жогото электигинен кабарлайт.

Кыргыз жергесине совет бийлиги орногон жылдардан бери кыргыз акындарынын ырларында коммунисттик идеологияны үгүттөө, социалисттик түзүлүштү жана анын жолбашчыларын даңазалоо басымдуулук кылса, түрк элинде XIX кылымдарда, Мустафа Кемаль Ататүрктүн реформасына чейин ислам дини негизги саясий күч катары кызмат кылып тургандыктан, түрк акындары өз ырларынын мазмунун толугу менен динге байланыштуу болгон. Алардын ичинен түрк акындары Суммани, Сейрани, Рухсати, Ашык Суфрани, Токатлы Нуринин чыгармачылыгы бул жанрдагы лирикалык чыгармалардан айырмаланган. Аларда эзелден канга сиңген адат-салттын архаикалык аң-сезимдеги көрөңгөсү жеке тагдырдагы кайгы-касыреттин күчү менен сыртка агылып чыгып, поэтизацияланып турган.

Азыркы акындар каада-салттык ырлардын формасын пайдаланып жаңы чыгарма жазууда өз дооруна мүнөздүү турмуштук кырдаалдарды ачып берүүгө жасаган аракети менен

айырмаланат. Анын натыйжасында элдин каада-салтын чагылдырган автору белгилүү болгон жаңы ырлар кыргыз жана түрк адабиятында кеңири орун алган. Маселен, азыркы кыргыз поэзиясында бешикте жаткан балага арналган (мисалы, Б.Абакировдун "Арча бешик" ыры сыяктуу) ырлардан тартып, бешик той, үйлөнүү той, үйлөнүү-үлпөт, жоктоо жана кошок маанисин ичине алуу менен ушу тапта ырдалып келе жаткан Т.Кожомбердиевдин "Термелет, бешик термелет" (обону М.Рыскулбековдуку) [Ала-Тоо таңшыйт: Обондуу ырлар / Түз. Б. Алагушов. – 3-бас. – Ф.: Кыргызстан, 1985, 139 – 140-б.], Э.Ибраевдин "Балама" (обону Э.Маданбековдуку) [Ала-Тоо таңшыйт: Обондуу ырлар / Түз. Б. Алагушов. – 3-бас. – Ф.: Кыргызстан, 1985, 140-б.], Б.Абакировдун "Арча бешик" (обону А.Бөдөшовдуку) [Ала-Тоо таңшыйт: Обондуу ырлар / Түз. Б. Алагушов. – 3-бас. – Ф.: Кыргызстан, 1985, 141-б.] сыяктуу ырларда улуттук фольклордук чыгармаларда орун алган бешик ырларындагы идеялык мазмундун көркөмдүк сапаты татаалданып, жазма адабияттын стилинде иштелип чыккан. Түрк адабиятында аноним адабиятын түрү болған *нинни* бешик ыры түрүндө бир нече акындын ырлары кеңири белгилүү. Бул сыяктуу ырлардын көпчүлүгүнүн аталышы башкача болгону менен мааниси да формасы да жагынан бешик ырларынын катарын толуктайт. Түрк адабиятында аноним калк адабиятынын түрү болган бешик ырын хазган акындар деп МехметЕмин Йурдакул, Ариф Нинат Ася, Нежип Фазыл Кысакүрек, Али Акбаш, Мустафа Рухи ысымдарын санап кетсек жетиштүү. Кыргыз акындарынын ичинен бешик ырларынын моделинде ырлар жараткан Касым Тыныстанов менен Алыкул Осмоновду белгилөөгө болот.

Ал эми кыргыздын автору белгилүү жоктоо ырларына "*Шабдандын керээзи*", биздин пикирибизде элдик чыгарма эмес, арийне, фольклордук үлгүдөгү автордук туундуга таандык мисал болууга тийиш. Ушул тематикага тушташ келген Байдылда Сарногоевдин "*Мидинге кат*" поэмасы юмор маанайында жазылып, чыгаан акын Мидиндин көзү өткөн соң адабий айдында болуп жаткан окуяларга карата калемдеш "иниси" Байдылданын памфлети болгону менен, чыгарма кыргыздын "жоктоо", "арман", "керээз" ырларынан азыктангандыгы – анын жалпы стилинен байкалат. Буга чейин акындар поэзиясынан мисал алсак, акын Солтобайдын Арстанбек Буйлаш уулу өлгөндөгү жалпы элге карата *көңүл айтуусу*, Барпы акынды акыркы сапарга узатууда Осмонкул Бөлөбалаевдин, Токтонаалы Шабданбаевди Ысмайыл Борончиевдин *жоктоосу*, Токтогулга уулу Топчубайды Корголдун *угузуусу*, Арстанбек ырчынын Солтобайга кайрылып айткан *керээзи,* төкмө акын Осмонкул Бөлөбалаевдин "Жолдошумду жоктодум" деген ырында кадимки Калык Акы уулуна багышталган ыры, Алыкулдун 1945-жылы жазылган "Үлпөт ыры" согушта шейит болгон калемдеш курдаштарын жоктоп жараткан жоктоо мотивдери – жалпы элдик чыгарманын стилинде, бирок, жеке автордун талантынан жаралган туунду. Алыкулдун ушул ыры Нежип Фазыл Кысакүректин ысмы кеңири белгилүү. Анын Түркиянын «Жумхуриет доор адабияты» деп аталган адабий доордун чоң ырчысы Н.Ф.Кысакүрек Түркиянын өнүгүп-өсүүсүнө көп кызмат аткарган Премъер-министр Аднан Мендерес 1961-жылы оппозиционерлер тарабынан дарга асылып өлтүрүлгөндө жазган жоктоо ырына үндөш. Түрктүн айрым жоктоо ырлары өзүнүн мазмуну боюнча кыргыз кошокторуна жакын болгону менен формасы жагынан кескин айырмаланат. түрк жергесинде автору белгилүү жоктоолорго Жаратылыш кырсыгынан Адана аймагынын Козан ооданындагы Айше Ходжа айылы жер менен жексен болгондо айтылган жоктоо, Эченсай айылынан Шерифе Дирек аттуу бала атасы Мехмет Угурду жоктогону, Йараш айылында Адиле Акынжы деген аял күйөөсүн, Айше Шахан агасын, Айше Шахан өзүн-өзү өлтүргөн соң анын чон энеси Фатма Шахан небересинин өзүн-өзү өлтүргөнүнө наараЗы болуп жоктогону, түрк адабияты доорунун залкар акындарынын бири болған Ахмет Мухип Дранас жазган жоктоо адабиятта белгилүү. Автору белгилүү каада-салт ырларына кыз узатуу

ырымында ырдалган ырлар дагы бар, мисалы  Бодрумдун Мумжулар шаарында Харийе Гүл күйөөгө кетип бара жаткан кызына арнап кошкон эки кошогу катталган.

Түрк адабиятынан айырмаланып азыркы кыргыз прозасында көркөм чыгарманын идеялык мазмунун тереңдетүү, поэтикалык наркын арттыруу максатында  каада-салт ырларынын элементтерин пайдалануу көрүнүштөрү кездешет. Буга Казат Акматовдун “Мунабия” аттуу повестинде кошоктун ролун айкалыштыра билген. Жоктоо ырынын тексти берилбестен, кыргыз салтындагы ушул жанрдын жеке тагдырлардын трагедиясын оригиналдуу көркөм ыкма катары кайталангыс чеберчиликте окурмандын аң-сезимине жеткире алган.

Жыйынтыктасак, каада-салт ырларынын оозеки адабияттагы көрөңгөсү жазма адабият өркүндөгөн кезде дагы  өз таасирин жоготкон эмес. Жазма адабияттын калыптануу этабында жеке авторлор аларды жөн гана стилдештирүү ыкмасында өз чыгармачылыгнда пайдалана баштаса, адабияттын жазма түрү улам калыптана баштаган сайын,  образдык  сүрөттөө ыкмалары улам  мыктыланып,  поэтикалык наркы тернідеп  жаңылануу этабын башынан кечирген.

**Корутундуда** төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

Кыргыз жана түрк каада-салт ырлары эки элдин маданиятында тең орчунду орунду ээлейт. Ошондуктан фольклористика жана адабият илиминде аларды жанрдык жактан классификациялоо иштери жүргүзүлгөн. Арийне, алар башка калк чыгармаларынын ичинен өзүнчө бөлүнүп атайын ажырымдалбаган.

Кыргыздын айрым каада-салт ырлары “эмгек ырларынын”, “балдар фольклорунун” жанрлары катары каралып, талдоого алынып келген.

Түрк калк ырлары негизинен адабият таануу багыты боюнча изилденет. Аларды окумуштуулар “аноним калк адабияты “деген чоң топтун ичинде карашат.

Диссертациялык ишибизде кыргыз жана түрк калктарынын каада-салт ырларына кош жарыш талдоо жүргүзүүгө аракет жасадык. Натыйжада төмөнкүдөй тыянакка келдик:

а) кыргыз жана түрк калктарынын каада-салт ырларынын мазмуну боюнча окшош жактары арбын. Алар  “бешик ырлары”, кыз узатуудагы “кошоктордо”, жана“жоктоо” жанрларында байкалат;

б) жогоруда аталган жанрлар тематикалык бөлүнүштөрү боюнча негизинен окшош, бирок кыз узатууда айрым ырым-жөрөлгө ырларынан айырмачылыктар бар;

в) “сөөк коюу” салтында түрк элинде кошок кошуу ырымы ислам динин заңына баш ийгендиктен жоюлуп кеткен, ал эми кыргыздарда “жоктоо” боюнча абдан бай материалдар учурайт;  “жоктоо” жанрына тушташ түрк элинде “агыт” жана “түркүлөрдүн” ичинен табабыз;

г) түрк элинде “угузуу” жанры жок, ал эми кыргыздарда бул топто калк арасында уламышка айланган “угузуу” темасындагы, ошондой эле акын төкмөлөргө тиешелүү чыгармалар кезигет. Каада-салт ырларынын мазмунунда көнөө салттар сакталып, көркөм-эстетикалык баалуулуктарды түзө алган.

Каада-салт ырлары кыргыздын азыркы жазма адабиятында: акындар чыгармачылыгында, профессионал поэзияда жана прозалык адабиятта жазуучулар тарабынан поэмаларда, роман, повесттерде көркөм трансформацияланып абдан кеңири колдонулат. Түрк адабиятында айрым тарыхый драмалуу окуяларга байланыштуу акындар тарабынан ырлар жазылган, бирок прозада кыргыз адабиятындагыдай масштабга ээ болгон эмес. Бул – кыргыз эли жакынкы заманга чейин эле каада-салтты турмушта дагы деле активдүү түрдө карманып келгендигине байланыштуу деп түшүнөбүз.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну төмөнкү макалаларда жарыяланды:**

1. Бешик ырларынын улуттук рухтун калыптанышына таасири [Текст] // 11-Эл аралык түрк дүйнөсүнүн гуманитардык билимдер конгресси. Түрк дүйнөсү изилденишлери фонду Истанбул, 2013.- 773-776 -беттер.

2. Каада-салт ырларынын түрк адабият таануу илиминде изилдениши [Текст] // БГУ жарчысы. –2013. –№2 (25). -118–120 -беттер.

3. Кыргыз жана түрк адабиятындагы фольклордук чыгармалардагы каада-салт ырлары жана аларды салыштырып изилдөө зарылдыгы [Текст] // БГУ жарчысы. –2013. –№2 (25). - 124–126 -беттер.

4. Каада-салт ырларынын кыргыз адабият таануу илиминде изилдениши [Текст] // БГУ жарчысы. -2013. -№ 3 (26). -209–212-беттер.

5. Каада-салт ырларынын түрк адабият таануу илиминде класификацияланышы [Текст] // БГУ жарчысы. –2013. -№ 3 (26). -214–217-беттер.

6. Бешик ырларынын улуттук рухту сактоо ролу [Текст] // Ахмет Ясауи Университетінің Хабаршысы. -2014. –№1 (87). –23–27-беттер.

7. Түрк жана кыргыз адабиятындагы каада салт ырлары [Текст] // Ахмет Ясауи Университетінің түркология журналы. –2015. –№ 3 (71). - 42–49-беттер.

pdfelement

**Шенгүн Асил Музаффердин 10.01.01–кыргыз адабияты жана 10.01.01–фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болуу үчүн «Кыргыз жана түрк адабияттарындагы каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы» деген темада жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр**: агыт ырлары, акындар поэзиясы, акындык чеберчилик, бешик ыры, жазма адабият, жанр трансформациясы, жанрдык классификация, жар көрүү, жоктоо, каада-салт ырлары, кошок, көркөм нарк, көркөм функция, кыз кошогу, кыз узатуу, кына сүртүү, ниннилер, паралеллдүүлүк, стилдик бөтөнчөлүк, сөөк коюу салты, түркүлөр, угузуу, үйлөнүү үлпөт салты, фольклор жанрлары, ыргак.

**Изилдөөнүн материалы:** кыргыз жана түрк калкынын каада-салтында ырдалган “бешик ырлары”, “ниннилер”, “жар-жар”, “кыз кынасы”, “кыз кошогу”, “угузуу”, “жоктоо”, “агыт”, “кошок”, “түркү” жанрындагы көркөм тексттердин каада-салттагы эстетикалык кызматы. Алардын жазма адабий поэзияда кайрадан автордук жаралышы.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз жана түрк калктарынын каада-салт ырлары, алардын көркөм-эстетикалык функциясы, эки элдин адабиятында каада-салт ырларынын акын, жазуучулар тарабынан трансформацияланышы жана алардын көркөм-эстетикалык наркы.

**Изилдөөнүн максаты:** тематикалык бөлүштүрүүнүн негизинде кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясын салыштырма-типологиялык өңүттө талдоо аркылуу окшоштуктарын жана айырмачылыктарын;. каада-салт ырларынын үлгүсүн пайдаланууда төкмө акындардын жана кыргыз, түрк акын-жазуучулардын чыгармачылыгындагы стилдик бөтөнчөлүгүн жана трансформациясын аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиясы:** изилдөөнүн методологиялык негизин кыргыз жана түрк фольклористикасында жана адабият таануусунда каада-салт ырлары боюнча иштелип чыккан натыйжалар, дүйнөлүк фольлористиканын теориялык тыянактары түздү.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана алардын жаңылыгы:** биринчи жолу кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын эки элдин илиминде изилдениш тарыхына, жанрдык классификациялоо даражасына салыштырма обзор жүргүзүлдү. Кыргыз жана түрк каада-салт ырларынын типологиялык мүнөзү аныкталып, илиминде изилденүү абалына баа берилип, иштелип чыга элек маселелери аныкталды.

**Пайдалануу чөйрөсү жана иш жүзүндө пайдалануу.** Тыянактар филология жана маданият таануу багытында – академиялык жана билим берүү чөйрөсүндө салыштырма-типологиялык мааниге ээ болуп, окуу программаларын түзүүдө пайдаланууга жарамдуу.

pdfelement

# РЕЗЮМЕ

диссертации Шенгүн Асил Музаффер на тему: «**Кыргыз жана түрк адабияттарындагы каада-салт ырларынын көркөм-эстетикалык функциясы** (**Художественно-эстетические функции кыргызских и турецких обрядовых песен**)» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальностям 10.01.01. – кыргыз адабияты, 10.01.09. – фольклористика

**Ключевые слова**: акынская поэзия, колыбельные песни, мастерство импровизации, обряд: «весть о смерти близкого» (угузуу), обрядовые песни, параллельные функции, песни «агыт», песни «нинни», песни причитания (свадебные), песни «тюркю», плач-причитание, похоронный обряд, свадебные песни, стилевая особенность, трансформация жанров, свадебный обряд, ритм, фольклорные жанры, художественная функция, художественные средства.

**Материал исследования**: обрядовые песни, исполненные во время ритуалов: при укладывании младенца в колыбель, проводе невесты, проводы покойника в последний путь; в турецком фольклоре – проводы в армию и их эстетические функции бытования в народном сознании. Процессы трансформации обрядовых песен в акынской поэзии и профессиональной литературе.

**Цель исследования**: путем сравнительно-типологического анализа художественно-эстетических функций кыргызских и турецких обрядовых песен – выявление сходств и различий в их бытовании. Выявление стилевых особенностей и процессов трансформаций обрядовых песен в творчестве акынов-импровизаторов и писателей, поэтов как в кыргызской, так и в турецкой литературе.

В основу **методологии исследования** положены научно-теоретические и практические выводы, апробированные кыргызскими и турецкими учеными, положившими начало в изучении и жанровой систематизации обрядовых песен, также теоретические положения мировой фольклористики.

**Научная новизна и результаты исследования**: впервые в кыргызской фольклористике и литературоведении проведен сравнительно-типологический анализ классификации, бытования кыргызско-турецких обрядовых песен. Выявлены проблемы, предполагающие дальнейшего сравнительного изучения обрядовых песен, бытовавших как в кыргызском и турецком фольклоре, так и в их литературе.

**Сфера использования и практическое применение**: выводы имеют значение для филологической и культурологической аудитории – академической науки, и в сфере образования, для составления учебных программ.

pdfelement

## ABSTRACT


of the thesis written by Shengun Asil Muzaffer on the topic: **“Artistic and aesthetic functions of Kyrgyz and Turkish ritual songs”** for the degree of Candidate of Philology in specialties 10.01.01. – Kyrgyz literature, 10.01.09. – folkloristics.

**Keywords**: akyn poetry, lullabies, improvisation skills, the rite “the news of the death of a close” (uguzuu), ceremonial songs, parallel functions, the “agyt” songs, the “Ninni” songs, lament song (for wedding), the “Turku” songs, weeping- lamentation, funeral rite, wedding songs, style feature, the transformation of genres, wedding ceremony, rhythm, folk genres, fiction function, artistic means.

**Subject of study:** ritual songs performed during rituals: when putting the baby in the cradle, the sending-off the bride, seeing the deceased on his/her last journey; in the Turkish folklore - seeing a person off to the army and its aesthetic functions of existence in the popular mind. The processes of transformation of the ritual songs in the akyn poetry and professional literature.

**Objective:** through comparative and typological analysis of artistic and aesthetic functions of Kyrgyz and Turkish ritual songs, to identify similarities and differences in their existence. Identification of stylistic features and processes of transformation of ritual songs in the works by akyns-improvisers and writers, poets both in Kyrgyz and Turkish literature.

The basis of **the methodology of the study** is represented by scientific and theoretical and practical conclusions approved by Kyrgyz and Turkish scientists who have laid the foundation in the study and genre systematization of ritual songs, as well as the theoretical provisions of world folkloristics.

**Scientific novelty and results of the study**: for the first time in Kyrgyz folkloristics and literary studies, a comparative and typological analysis of classification and existence of Kyrgyz and Turkish ritual songs has been conducted. The problems involving further comparative study of ritual songs common in Kyrgyz and Turkish folklore and literature have been identified.

**Scope of use and practical application**: the conclusions of the thesis are relevant to philology and culturology studies’ audiences – the academic science, and to education system for curriculum development.


pdfelement